КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ

ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ

Ош ш. ул.Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ

УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ГОРОДА ОШ

г.Ош ул. Э.Алиева № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

« 11 » июлу 2021-жыл. чыг. № 32/3-__________

Кыргыз Республикасынын
ИИМдин ТКнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги
**Н.Эшимкан уулуна**

# А Т А Й Ы Н   М А А Л Ы М А Т

## (Ош шаардык ИИБнын КЖБРне №02-092-2021-002756 саны менен катталган материал боюнча)

2021-жылдын 11-июлунда саат 13:30 чамасында “bespredelkg7” маалымат баракчасына Ош шаарынын Кеңеш айылында жайгашкан №48 орто мектебинин имаратындагы №5296 шайлоо участкасынын жанында “Ата-Журт Кыргызстан” саясий партиясынын талапкер [redacted] мамлекеттик белгиси О [redacted] болгон Тойота Камри үлгүсүндөгү автоунаасында үй-бүлөөсү менен акча таркатып жаткандыгы жана ал жердеги турак үйүндө да акча таркатып жатышкандыгы туурасындагы тасма жарыяланган.

“bespredelkg7” маалымат баракчасына чыгарылган тасмадагы жагдайларды текшерүү үчүн материалдар Ош шаардык ИИБдин Сулайман-Тоо МБнүн МЭЖна 02-091-2021-0002756 саны менен катталып, документтештирүү тобу окуя болгон жерге барган.

Анда, [redacted] өзүнүн түшүнүк катында аталган шайлоо участкасына Жомарт уулу Бекзат менен бирге шайлоого катышып, добуш берүү үчүн келишкендигин, эч кандай добуш сатып алуу жана акча таркатуу болбогондугун билдирген.

Ал эми, Ош шаарынын Кеңеш айылынын Х.Каримова көчөсүнүн [redacted] үйүнүн тургуну [redacted]-жылы туулган [redacted] берген түшүнүк катында, айыл башчысы “Махмуд” атуу атуул шайлоо участкасында иштеген кызматкерлердин тамактануучу жайы болбогондуктан, анын үйүнө жай ырастоону сурангандыктан, ал үйүнүн бөлмөсүн ырастап, келген адамдарга тамак берип жаткандыгын, үйүндө эч кандай добуш сатып алуу же акча берген учур болбогондугун билдирген.

Жыйынтыгында, 11.07.2021-жылы аталган маалымат Кыргыз Республикасынын ЖКнин 192-беренеси менен КЖБРге катталган 03-041-2021-001195 сандуу сотко чейинки ёндщрщш ишке бириктирилген.

Текшерүү иштери жүргүзүлүүдө, маалыматты кошумча билдиребиз.

Ош ШИИБнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги **А.Раимбердиев**